*УДК: 364.65.2*
*DOI: 10.35254/bhu.2021.52.5*

***Садырова Г.К.***
*К. Карасаев атындагы*
*Бишкек Мамлекеттик университети*
***Кубатбекова Мээрим***
*К. Карасаев атындагы*
*Бишкек Мамлекеттик университети*

# БАЛДАРГА КАРАТА ЖАСАЛГАН ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОРДУК-ЗОМБУЛУКТУН СЕБЕПТЕРИ, БЕЛГИЛЕРИ ЖАНА ПСИХОЛОГИЯЛЫК НАТЫЙЖАЛАРЫ

# ПРИЧИНЫ, ПРИЗНАКИ И ПСИХОЛОГИЧЕСКИЕ ПОСЛЕДСТВИЯ СЕМЕЙНОГО НАСИЛИЯ В ОТНОШЕНИИ ДЕТЕЙ

# CAUSES, SIGNS AND PSYCHOLOGICAL CONSEQUENCES OF FAMILY VIOLENCE AGAINST CHILDREN

***Аннотация.*** *Бул илимий макала азыркы мезгилдеги социалдык-психологиялык кызматтын актуалдуу маселелеринин бири болгон үй-бүлөдөгү балдарга карата жасалган зордук-зомбулуктарды, алардын себептерин, психологиялык натыйжаларын талдоого багытталды. Катаал мамиле кылуу, балдардын кызыкчылыктарына көңүл бурбоо, жана ар кандай балдарга зордук-зомбулуктун түрлөрү жана формалары - алардын натыйжасы дайыма олуттуу ден-соолугуна зыян, өнүгүшүнө жана социалдашуусуна гана эмес анын өмүрүнө коркунуч.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Үй-бүлө, зордук-зомбулук, эмоционалдык (психологиялык) зордук-зомбулук, физикалык зордук-зомбулук, сексуалдык зордук-зомбулук. стресс, депрессия, суицид.*

***Аннотация.*** *Данная статья направлена на анализ причин, психологических последствий насилия, совершенного в отношении детей из семей, являющихся одной из актуальных проблем социально-психологической службы в настоящее время. Жестокое обращение с детьми и пренебрежение их интересами могут принимать различные формы и формы, но их последствия всегда: серьезный ущерб здоровью, развитие и социализация ребенка, не редкость - угроза его жизни.*

***Ключевые слова:*** *семья, насилие, эмоциональное (психологическое) насилие, физическое насилие, сексуальное насилие. стресс, депрессия, суицид.*

***Abstract:*** *This article is aimed at analyzing the causes and psychological consequences of violence committed against children from families, which is one of the most pressing problems of the social and psychological service at the present time. Abuse of children and neglect of their interests can take various forms and forms, but their consequences are always: serious damage to the health, development and socialization of the child, not uncommon - a threat to his life.*

***Keywords:*** *family, violence, emotional (psychological) violence, physical violence, sexual violence. stress, depression, suicide.*

Үй-бүлө – коомдун негизги элементи, мамлекеттин тиреги. Ошондуктан үй-бүлө жана анын бекемдиги коом үчүн эң негизги, ар тараптуу жана терең маселе болгондугуна байланыштуу биз бүгүнкү күндө тилекке каршы айрым үй-бүлөлөрдө балдар зордук-зомбулуктун ар кандай түрүнө кабылып, алар эң оор

кесепеттерди алып келип жаткандыгына карата теманы ачууну конкреттештирүүгө аракет жасадык.

«Зордук-зомбулук» же «балдарга карата ырайымсыз мамиле» (англ. - child abuse ) түшүнүгү биздин өлкөнүн балдар менен иштеген адистери үчүн жаңы түшүнүктөрдүн бири болуп саналат. Балдардын ырайымсыз мамиленин курмандыгы болгон учурларды педагогдор, врачтар иш жүзүндө көп эле кездештиргендиги менен, бул маселе көптөгөн жылдар бою мамлекеттик деңгээлде каралбай келген.

Ошондуктан, алгач зордук-зомбулук түшүнүгүн жана анын түрлөрүн даана аныктап алуубуз өтө зарыл.

С.И. Ожоговдун «Орус тилинин сөздүгүнө» ылайык «зордук-зомбулук» деген термин төмөндөгүдөй түшүнүктөрдү берет: «1) аргасыз кылуу, кысымчылык кылуу, кысымга алуу, күч колдонуу; 2) кимдир бирөөнү аргасыз зордоо; 3) мыйзамсыздык».

Е.П. Агаповдун көз карашы боюнча, үй-бүлөдөгү зордук-зомбулук – бул атайын эле билип туруп физикалык жана психикалык зыян келтирүү менен үй-бүлө мүчөлөрүн кыйноого салуу. Буга өздүк эркиндигинен ажыратуу, аргасыз кылууга багытталган опузалоолор да кирет. Башкача айтканда, зордук-зомбулук деп башка бир адамдын сезимдерин, ойлорун, жүрүм-турумун толук көзөмөлдөп, ал адамдын үстүндө чексиз бийлик жүргүзүүгө ээ болгондогу аракетти айтабыз.

Балага карата жасалган ырайымсыз мамиле (зордук-зомбулук) – бул баланын аң сезиминин өнүгүүсүнө жана ден соолугуна коркунуч туудуруп, психикалык жана физикалык саламаттыгына зыян келтирүүчү баардык кыймыл аракет.

***Балдарга карата жасалган зордук-зомбулуктун себептери*** ар түрдүү жана анын эң негизги себеби мамлекеттин экономикалык абалынын начарлыгы дегенге негиз жок. ЮНИСЕФтин балдарды коргоо бөлүмүнүн башчысы Сюзан Биссел балдарга карата жасалган зордук-зомбулукту: «Бул глобалдуу- феномен өнүккөн же артта калган мамлекетпи, ал Чыгышта же Батыштабы эч биринен кыйгач өтпөйт. Балдарга каршы күч колдонуу – азыркы адамзатты бириктирип тургандай өңдөнөт» деп баса белгилейт.

Мисалы, «Батыш Европа жана Түндүк Американын өлкөлөрү» категориясында Америка Кошмо Штаттары кайгылуу биринчи орунду ээлейт: жыл сайын 20 жашка чейинки өмүрү кыйылгандардын саны үч миңди түзөт. Мындай отчет АКШ канчалык цивилизациянын туу чокусуна чыкпасын, индустриясы өнүкпөсүн, дагы да болсо балдарга карата зомбулукту токтото албай жатканын көрсөттү. Дүйнөдөгү өнүккөн өлкөлөрдө ар апта сайын 15 жаштан кичине 66 наристе зордуктоодон көз жумат. Ал эми Америкада болсо апта сайын 27 бала зордукталып өлтүрүлөт. ЮНИСЕФтин изилдөөсү боюнча АКШ менен Мексика балдарга карата зомбулук боюнча дүйнөдө биринчи орунда турат.

Бүгүнкү күндө үй-бүлөдөгү зордук-зомбулукту күчөтүүчү себептерди түшүндүрүүгө багытталган көптөгөн теориялар бар. Көптөгөн мамлекеттерде үй-бүлөлүк зордук-зомбулук олуттуу социалдык маселе катары каралат. Батыштын сын-пикирлеринде негизинен үй-бүлөдөгү зордук-зомбулукка байланыштуу үч көз караш айтылат.

*Алардын биринчиси* социокультуралык деп аталуучу аспектке таянат. *Экинчи* көз караш үй-бүлөнүн өзүнүн түзүлүшүнө келип токтолот. Бул теория боюнча зордук-зомбулук фактысы үй-бүлөдөгү карым-катнаштардын туура эмес түзүлгөндүгүнүн натыйжасы болуп саналат. Маселен, жубайлардын бирге кеңеш берүүчү жайларга баруусу бул теорияга негизделет.

Ал эми үй-бүлөдөгү зордук-зомбулук боюнча *үчүнчү* көз караш жеке кеңеш алуу практикасынын жыйынтыгы болуп эсептелет. Бул мамиленин негизи боюнча, эркек адамдын үй-бүлөдө зомбулук көрсөтүүсүнүн себеби болуп анын бала кезинде ырайымсыз мамилеге дуушар болгондугунан улам анын өзүн-өзү баалай билүүсүнүн төмөндүгү, депрессияга түшкөн абалы саналат.

*Социологиялык мамиле* боюнча зомбулук үй-бүлөлүк мамилелерге карата калыптанган көз карашы, ошону менен бирге эле социалдык факторлордун (үй-бүлөнүн, инсандын социалдык-экономикалык абалы, жумушсуздук, начар үй шарты) таасири болуп саналат.

*Психологиялык мамиленин* көз карашы зомбулукту балалык курагындагы жашоо тажрыйбасынын аң-сезимге тийгизген терс таасири катары карайт. Үй-бүлөлүк психотерапиянын системалык көз карашы боюнча үй-бүлөдөгү ырайымсыз мамиле – бул үй-бүлөлүк мамилелердин туура эмес курулгандыгы. Эгерде үй-бүлөдөгү мамилелерге байланыштуу маселелерге бөгөт койулбаса, анда зомбулук же өтө оор, же кайталанма мүнөздү алып жүрөт.

Азыркы учурда психобиологиялык, социалдык-психологиялык жана социалдык-структуралык деген сыяктуу дисциплина аралык мамилелер алда канча жемиштүү болуп саналат.

*Психобиологиялык мамиленин* көз карашына ылайык, зөөкүрдүк менен коштолгон жүрүм-турум инсандын аң-сезиминин төмөндүгү жана девианттык белгилери менен шартталат.

*Социалдык-психологиялык мамиле* үй-бүлөдөгү зордук-зомбулукту инсандын социализацияланууусунун натыйжасы жана бала курагында үй-бүлөдөн алган жашоо тажрыйбасы катары карайт.

Ырайымсыз шартта тарбияланган ар бир экинчи бала кийин карыган ата-энелерине дал ошондой мамиле жасаары аныкталган. Ал эми жакшы шарттарда тарбияланган төрт жүз баланын бирөөсү гана кийин ата-энесине агрессивдүү мамиле жасайт. Үй-бүлөлүк зордук-зомбулукту жеке инсандын психологиялык өзгөчөлүктөрү менен түшүндүргөн биринчи жана экинчи мамилелерден айырмаланып, ***социокультуралык мамиле*** бул маселени бир кыйла кеңири – коомчулуктун ичиндеги социалдык жана экономикалык абалдарды карайт.

Бүгүнкү күндө социалдык кызматтын практикасында жана илимде үй-бүлөдө зордук-зомбулуктун болуусунун себептерин түшүндүрүүчү *бир нече аспекттер* бар. Алардын бирине ылайык, психологиялык же психосоциалдык факторлордун таасирине көбүрөөк көңүл бөлүнөт. Башка аспекттер боюнча зордук-зомбулуктун болуусуна баңгизаттардын же спирт ичимдиктеринин колдонулушу, материалдык жактан кыйынчылыктар, жабырлануучунун кайсы бир нерседен көз карандылыгы жана ал тарабынан болгон жаман жүрүм турум сыяктуу факторлор таасирин тийгизет.

Н. Ф. Бердникович тарабынан жүргүзүлгөн жана үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктун табийгатын түшүндү-

рүүчү теориялардын жыйынтыгы бул маселеге байланыштуу үч аспектти бөлүп карайт: ситуациялык үлгү, социалдык өзгөрүүлөрдүн теориясы, символикалык мамилелердин үлгүсү.

***Балдарга карата жасалган үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктун белгилерине*** кайрыла турган болсок бардык эле учурда баланын сырткы көрүнүшүнөн анын зордук-зомбулукка кабылгандыгын так аныктоого болбойт, зордук-зомбулук фактысы жалпы коомчулук үчүн уят көрүнүш катары кабыл алынгандыктан, жабырлануучу аны жашоосунун акырына чейин сыр кылып жашырат. Ал эми балдарга карата жасалган зордук-зомбулуктун жашыруун болуусунун себеби, алардын жашоо тажрыйбасынын аздыгы болуп саналат. Ошондуктан, балдар менен иш алып барган адистер зордук-зомбулуктун белгилерин айырмалай билүүлөрү абзел.

Балдарда байкалган төмөндөгүдөй белгилер алардын зордук-зомбулуктан жабыр тарткандыгынан кабар берип турат:

Психологиялык деңгээлде: уйкунун бузулуусу, коркунучтуу түштөрдү көрүүсү, жаман нерселердин кайталанып эске түшүүсү, бир нерсеге көңүлүн койо албастыгы, чочулоо жана ээлигүү, гиперактивдүүлүк, мамилесинин жана көз карашынын өзгөрүлүүсү;

Физиологиялык деңгээлде: абанын жетпестиги, ашказанынын ооруксунуусу, баш ооруу, бир нерсеге болгон кызыкчылыктарынын жоголуусу;

Жүрүм турум деңгээлинде: өзүн-өзү өлтүрүүгө багытталган аракеттер же ойлор, тамактанууга байланыштуу проблемалар , башка адамдарга зыян келтирүү.

Зордук-зомбулукка дуушар болгон 90 пайыз баланын денесинен көк ала тактарды табууга болот. Ал тактар кан тамырлар зыянга учураганда пайда болот. Ал эми дененин кан талоосунун негизги себеби – бул физикалык күч колдонуудан улам болгон жаракаттар.

Көк ала тактардын төмөндөгүдөй ар кандай түрлөрүн байкоого болот:

- колдун издери;
- кур, камчы, жип, шнур сыяктуу предметтердин издери;
- түртүп, ыргытып жиберүүдөн алган көк ала тактар;
- тиштин издери;
- денедеги таң калтыраарлык тактардын издери;
- тепкиден улам калган издер.

Көк ала тактардын өңүнүн өзгөрүүсүнүн убактысы (болжолдуу түрдө)

| Убактысы | Өңү |
|---|---|
| 0-48 саат | шишик, жумшак, кызыл |
| 2-3 күн | сыя көк\ сары |
| 4-7 күн | сары \ саргылт |
| > 7 күн | саргылт \ кубаруу |

Балдарга карата мындай мамиле (зордук-зомбулук) алардын жан дүйнөсүнүн жабырлануусуна б.а. психологиялык жактан өнүгүүсүнө олуттуу терс таасирлерди тийгизет.

***Үй-бүлөдөгү зордук-зомбулуктун баланын психологиялык өнүгүүсүнө тийгизген төмөндөгү таасирлерин бөлүп кароого болот;*** өз оюн түшүндүрө албастык, адамдарга болгон ишенимдин жоголуусу, депрессияга кабылуу сыяктуу көрүнүштөр балага карата жасалган физикалык зомбулуктун негизги натыйжаларынын катарын толуктайт. Жабыр тарткан бала дайыма бир нерседен чочулап, коркуу сезими күч алат. Андан сырткары зордук-зомбулуктун кийин билине туруучу натыйжалары – бул жабырлануучунун келечекте өз балдарына ырайымсыз мамиле жасай тургандыгы, аракечтикке берилүүсү, коомдун талабына жооп бербей турган жүрүм-туруму. Балдарга каршы зомбулук мындай үй-бүлөлөрдөгү көптөгөн кыйынчылыктарга, коркунучтарга жол ачып, жакындарына да терс таасирин тийгизет. Техас Балдарды Коргоо уюмунун изилдөөсү боюнча зомбулукка учураган балдар кийин башкаларга карата күч колдонуу ыктымалы 74 пайызга жогорулайт. Алар да кийин өз балдарына жаман мамиле кылышат. Ушундан улам адистер балдарга карата зордук-зомбулукту токтотуу үчүн коомго да, мамлекетке да кайрылышып, «ар бир атуул зомбулукту токтотуп, мизин кайтарууга жоопкерчиликтүү»экенин айтышууда.

Ал эми зордук-зомбулуктун эң эле кеңири тараган натыйжаларына өспүрүмдөрдүн жүрүм-турумунун бузулуусу кирет. Бала кезинде зордук-зомбулуктан жапа чеккен аялдар кийинки турмушунда дагы коркунуч алдында тургандай сезе беришет. Бала кездеги инцест менен бойго жеткен куракгагы сексуалдык зордуктоолордун жана жубайлар ортосунда болгон зордук-зомбулуктун тыгыз байланышта болоору табылган. Башкача айтканда, бала курагында зордук-зомбулуктан жабыр тарткан аял балалыгы коопсуз өткөн курдашына салыштырмалуу бойго жеткен курагында да зордук-зомбулуктун курмандыгы болоорунун көрсөткүчү чоң. Сексуалдык багыттагы кылмыштарды жасаган адамдардын көпчүлүгү бала кезинде өзүлөрү да физикалык, сексуалдык же психологиялык зордук-зомбулукка кабылышкан. Канададагы ушул маселеге арналган көптөгөн изилдөөлөрдүн биринин маалыматы боюнча, зөөкүр-өспүрүмдөрдүн болжол менен 33 пайызы бала кезинде зордук-зомбулукка дуушар болушкан же ата-энеси тарабынан көңүл бурулган эмес. Ал эми америкалык изилдөөлөр зөөкүрлөрдүн 50 пайыздан ашыгы зордук-зомбулуктун баардык түрүнө кабылышкандыгын көрсөткөн. Бала кезинде зордук-зомбулуктун курмандыгы болгон өспүрүмдөрдүн айрымдары зомбулукту өч алуунун жолу катары колдонот. Бала кезинде ата-энеси же башка үй-бүлө мүчөлөрү тарабынан болгон зордук-зомбулуктан улам жабырланган айрым адамдар улуулар менен кичүүлөрдүн ортосундагы жыныстык катнашты жана зордук-зомбулукту кадимкидей көрүнүш катары санашкандыктан, алардын кылган аракеттери, жүрүм-турумдары башкаларга ар тараптуу зыян келтирет. Ошондой эле, өзүлөрү жабыр тартпаса дагы, үй-бүлөдөгү чыр-чатактын күбөсү болгон балдар келечекте зордук-зомбулукка тийиштүү жүрүм-турумдарды алып жүрүшү мүмкүн.

Ал эми дене жаракаттары, акыл-эстин бузулуусу, өзүнүн өмүрүнө кол салуу, өзүн-өзү сыйлоо сезиминин жоголуусу сыяктуу көрүнүштөр дагы үй-бүлөдө-

гү зордук-зомбулуктун психологиялык натыйжалары болуп саналат. Үзгүлтүксүз уланган ород мамиледен улам жабырлануучу жооп катары зөөкүрдүн өзүнө карата ырайымсыз мамиле жасай баштаашы мүмкүн.

Андан сырткары, ата-энесинин же башка үй-бүлө мүчөлөрүнүн чыр-чатагы балдарга да таасирин тийгизүү менен алардын аң-сезиминин бузулуусуна, окуусунан артта калуусуна жана андан аркы калыптануусунун начарлашына алып келет. Зордук-зомбулук көрүнүшүн кездештирүүгө болгон үй-бүлөлөр тобокел тобуна (группа риска) кирет. Себеби, мындай абалда тарбияланган балдар натыйжасында жабырлануучу болушат же кийин өзүлөрүнүн жакындарына карата зомбулук кылат. Статистика боюнча, абактагы адамдардын 95 пайызы балалык курагында зордук-зомбулуктан жапа чегишкен же анын күбөсү болушкан.

А. С. Синельников үй-бүлөдөгү балдарга карата жасалган зордук-зомбулуктун төмөндөгүдөй натыйжаларын көрсөтөт:

• баланын мектептеги жаңы билимди өздөштүрүүсү начарлап, окуусундагы жетишкендиктердин көрсөткүчү төмөндөйт;

• мындай балдар өзүнүн эмоциясын башкара албагандыктан, курдаштары менен пикир алышууда кыйынчылыктар жаралат;

• үй-бүлөдөгү жашоо тажрыйба боюнча ал балдарда жубайлардын бири экинчисинин үстүнөн бийлик жүргүзүп, анын жүрүм-турумун дайыма көзөмөлгө алып туруу керек деген көз караш калыптанып, кийинки турмушунда биринчи кездешкен жакын адамына да ошондой мамиле жасайт.

Зордук-зомбулуктан улам жабыр тарткан баланын абалынын өзгөчөлүгү – бул болгон окуя үчүн өзүн күнөөлүү сезүүсү. Бала зомбулук кылган адамды жек көрүү менен бирге эле өзүн да жектей баштагандыктан, анын өзүн өзү баалай билүүсү төмөндөйт. Эмоционалдык жактан бузулууларга баланын түнт болуп, өзү менен өзү болуусунан баштап коркоктук, үйдө жалгыз калуудан чочулоого чейинки абалдары кирет. Үй-бүлөдөгү физикалык жана сексуалдык зордук-зомбулук жабырлануучунун ден-соолугу үчүн оор жана талкалоочу мүнөздү алып жүрөт.

Ырайымсыздыктын күбөсү болгон балдар психологиялык жана эмоционалдык оор жаракаттарды алышат. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, ушул сыяктуу балдарда чочулоо жана коркуу сезимдеринин, деппрессияга түшүүнүн, агрессивдүүлүктүн көрсөткүчү өтө эле жогору. Үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктун күбөсү болуп чоңойгон балдар болгон нерселердин баардыгын жүрөгүнө жакын кабыл алышат жана бул зомбулукту токтото албай тургандыктары үчүн өзүлөрүн күнөөлүү сезишет. Алар дайыма кийинки ырайымсыз окуя качан болот же ата-энем качан кароосуз таштап кетет деген коркуу сезими менен жашашат. Ата-энелеринин спирт ичимдиктерин же баңги заттарын колдонуусунан улам балдардын зордук-зомбулуктун курмандыгы болуу коркунучу жогорулайт. Ошону менен бирге эле үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктан улам балдардын ден соолугу начарлап, окуусунан артта кала башташат.

Зордук-зомбулук үй-бүлөдөн коомго ырайымсыз, ташбоор адамдарды алып чыгат: үйдөгү зордук-зомбулуктун күбөсү болгон балдар, бойго жеткенде, көпчүлүк учурда инсанга каршы кылмыш кылышат. Андан сырткары мындай үй-бүлөдө тарбияланып чоңойгон адамдар кийинки турмушун да ата-энесинин тажрыйбасынын негизинде курат. Зордук-зомбулук үй-бүлөлүк салтка, «тукум куума ооруга» айланат.

Көчө балдарынын көбөйүүсү, балдардын сойкулугу, наркомания сыяктуу көрүнүштөр үй-бүлөдөгү балдарга болгон зордук-зомбулуктун ***социалдык натыйжасы*** болуп эсептелинет.

Ошондой эле, анын экономикалык натыйжаларын да бөлүп кароого болот: чоң суммадагы акча каражаттары милиция жана сот органдарынын, саламаттыкты сактоо кызматкерлеринин чыгымдарына, балдар үчүн арналган баш маана кылуучу жайларды каржылоого сарпталат.

Физикалык зордук-зомбулуктун ***психологиялык натыйжаларынын*** белгилери ар кандай болот:

• оор стресс менен коштолгон реакции;

• чочулоо жана коркуу абалы;

• депрессия жана өз өмүрүнө кол салуу. Мында капалануу жана жагымсыз сезимдер менен коштолгон депрессиянын белгилери байкалат.

• өзүн өзү баалай билүүсүнүн төмөндүгү. Мында физикалык зордук-зомбулуктун курмандыктары көпчүлүк учурларда өзүн жактырбагандык менен карашат.

• башкалар менен карым-катнашта болуусунун бузулушу. Ал өзүнүн жүрүм-турумун жана сезимдерин жакшы башкара албайт жана көпчүлүктүн арасында өзүнө ишенбейт.

• нерв системасынын бузулуусу

• өз өмүрүнө кол салуу

Балалык куракта көргөн кордук анын бүткүл жашоосуна өчпөс из калтырат жана баланы эмоционалдык жактан тарбиялоо процессинин бузулуусуна түрткү болот. Жыйынтыгында, бул балдар келечекте жашоодогу көп нерселерди ырайымсыз аракеттердин жардамы менен чечүүгө да даяр болушат.

***Адабияттар***

*1. Елизаров А.Н. Социально-психологическая помощь семье, страдающей от насилия // Психология зрелости и старения. Ежеквартальный научно-практический журнал. 2006. С. 7-9.*

*2. Ильина С.В. Влияние пережитого в детстве насилия на возникновение личностных расстройств // Вопросы психологии. №6.1998. С.5-7.*

*3. Мельниченко С.А. Предотвращение жестокости по отношению к женщинам и детям // Семья в России. №2. 1995. С. 11-13.*

*4. Семейное насилие в Кыргызстане: причины, масштабы, эффективность действий. -Б., 2004.*

*5. Социальному работнику о проблеме домашнего насилия / Под ред. А. Б. Синельникова. -М., 2001. – 256 с.*

*6. Стар Б. Насилие в семье // Энциклопедия социальной работы, в 3 т. Т. 2. -М.,1994. – 324 с.*

*7. Шипунова Т. В. Агрессия и насилие как элементы социокультурной реальности // Социологические исследования 2002. №5. С. 67-75.*

***Рецензент: к. ф. н., доцент Мусаева Н. К.***